с. Султанов Омор
о. Зайнидин Иманалиев

**“Толгонуу”**

Кайгыланам, кандай күндө болду деп,
Кабарыңды укпай калсам, күн өтүп.
Эт жүрөгүм, жаш кулундай дилдиреп,
Бийлеп санаа, тынчтык бербей жүдөтүп.

Кереги эмне өзгөлөргө билгизип,
Дайра болуп, өзүбүзчө агалы.
Ушул тагдыр, эмне жазса өмүргө,
Сен ошонун барагысың аялуу.

Сен кандайсың, мен кандаймын билишпей,
Өткөн кеткен, өйдө төмөн сөз кылаар.
Өзгөлөргө өтүп кетер бир иштей,
Өзүбүзгө өмүр менен барабар.